**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА АЙМАКТЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ЮЖНОЕ ОТДЕЛЕНИЕ**

**ИНСТИТУТ ГУМАНИТАРНЫХ И РЕГИОНАЛЬНЫХ ИССЛЕДОВАНИЙ**

*723500, Ош шаары, Д. Садырбаев көч., 88 а*
*тел.: (03222) 6 – 72 – 08*
*эл. дарек: igiuo88@mail.ru*

*723500, город Ош, ул. Д Садырбаева, 88 а.*
*тел.: (03222) 6 – 72–08*
*эл. почта: igiuo88@mail.ru*

**КР нын УИАнын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 21-сентябрындагы отурумундагы №9 протоколунан көчүрмө**

**Окумуштуулар кеңешинин 17 мүчөсүнөн 14тү катышышты.**
Жүйөлүү себеп менен 3 мүчөсү катыша алышкан жок.

## КҮН ТАРТИБИ:

### Ар түрдүү маселелер

Күн тартибиндеги маселе боюнча угулду: УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтунун директору, Окумуштуулар кеңешинин төрайымы Т. Өмүрзакова.: Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү биздин УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык изилдөөлөр институтуна Ош мамлекеттик университетинин эл аралык мамилелер факультетинин окутуучусу, аспирант Бабакулова Рая Байназаровна кандидаттык илимий темасын жана илимий жетекчисин бектип берүү үчүн арыз берген. Илимий темасы 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча “Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары”- деп аталат. Ал эми илимий жетекчиси философия илимдеринин доктору Исаков Кубанычбек Абдыкадырович. Тиешелүү документтери баарысы бар экен. Кимде кандай суроо жана сунуш бар?

**Мырзахметов А.К.:** Илимий жетекчисинин макулдугу бар бекен?

**Өмүрзакова Т.:** Илимий жетекчинин макулдугу бар.

**Мырзахметов А.К.:** Изденүүчү өзү келгенби? Ушул жерде болсо, кыскача өзү жөнүндө жана илмий иши боюнча бизге айтып берсинчи.

**Бабакулова Р.:** Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрайымы, урматтуу агай-эжекелер! Мен 2005-жылдан бери ОшМУда иштеп келе жатам. Албетте ЖОЖдо иштегенден соң өзүң кызыккан илимий теманын үстүнөн иш жүрүзүү зарыл деп ойлойм. Ошол максатта мен дагы өзүм филология факультетин бүткөндүгүмдөн жана философия предметинен учурунда К. Исаков кызыктуу сабак бергендигинен улам, философиянын тарыхы адистиги боюнча “Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары” – деген өзүм кызыгып келген темада илимий изилдөө жүргүзсөм деген ниетим бар.

**Илимий иштин актуалдуулугу.** Философиянын семиологиялык аспектисин изилдөө азыркы тил философиясынын бардык негизги багыттарында өнүккөн философияны жаңыча түшүнүү үчүн актуалдуу. Интегралдык семиологиялык мамиле философиялык өз алдынча ой жүгүртүүнүн тереңдешине жана метафилософиянын өнүгүшүнө салым кошо алат. Семиологиялы методдорду колдонуу философияны объективдүү жана салыштырмалуу (идеологиялык жана саясий) түшүнүүгө алып келиши мүмкүн, бул азыркы учурда өзүнүн келечектеги жолдорун аныктап жаткан философия үчүн өзгөчө маанилүү.

**Диссертациялык иштин практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдары, изилдөө процессинде алынган негизги жоболору менен корутундулары ЖОЖдордун, колледждердин окутуучулары тарабынан гуманитардык дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды, атайын курстарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле илимий иштин практикалык мааниси болсо, биздин изилдөөбүздө берилүүчү тыянактар, сунуштар философия, философиянын тарыхы, этика, эстетика, логика, психология, лингивистика илиминдериндеги жана кыргыз философиясынын тарыхындагы илимий-теориялык бөксөлүктү толтуруп, аталган илимдер боюнча жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө, ошондой эле аспиранттардын, изденүүчүлөрдүн жана ушул тармакка кызыккандардын изилдөөлөрүндө пайдаланылат деген ойдобуз.

**Бабакулова Р.:** Негизинен азырынча ушундай. Буйруса келечекте изилдөө ишибиз боюнча материалдарды чогултуп, жетиштүү деңгээлде иштерди алып барабыз деген ойдомун. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Өмүрзакова Т.:** Дагы кимде кандай суроолор, сунуштар бар?

**Залдан:** Суроо жок, жетиштүү эле го.

**Убайдуллаев М.Б.:** Изденүүчүнүн илимий ишинин темасын жана илимий жетекчисин бекитип коелу.

**Өмүрзакова Т.:** Анда башка сунуш болбосо жогорудагы сунушту бекитип коелу. Добушка коем. Ким макул, ким каршы, калыс.

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңеши күн тартибиндеги маселени карап чыгып

**ТОКТОМ кылат:**

1. КРнын УИАсынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана аймактык институтунун аспиранты Бабакулова Рая Байназаровнадан келип түшкөн арыздын негизинде 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча "Семиологиянын тарыхый-логикалык маңызы жана философемалык формалары" – деген аталыштагы кандидаттык диссертациясынын темасы бекитилсин.
2. Илимий жетекчиси катары философия илимдеринин доктору Исаков Кубанычбек Абдыкадырович бекитилсин.
3. Аспирант Бабакулова Рая Байназаровнанын 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча "Семиологиянын тарыхый-логикалык

маңызы жана философемалык формалары” – деген аталыштагы кандидаттык диссертациясынын темасы жана илимий жетекчиси катары философия илимдеринин доктору Исаков Кубанычбек Абдыкадыровичти атайын реестрге каттоо үчүн КРнын ЖАКнан суралсын.

**КРнын УИАсынын**
**ТБнын ГАИИнин директору,**
**т.и.к., доцент** **Т.О. Омурзакова**

**Окумуштуу катчы** **А.А. Бакиров**